ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№6 ПРОТОКОЛУ**

*6-март, 2025-жыл.*

| | |
|---|---|
| *Төрага* | Б.А. Азимов |
| *Окумуштуу катчы* | З.Ж. Мурзакматова |

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 51 мүчөсүнөн 42 мүчөсү катышты.

***Күн тартиби:***

1. 2024-2025-окуу жылындагы окуу, тарбиялык иштердин жарым жылдык жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер (Баяндамачы: доцент Т.К. Матисаков);
2. 2025-2026-окуу жылы үчүн тандоо курстарынын темаларын жана программаларын бекитүү (Баяндамачылар: кафедра башчылары, программа жетекчилери);
3. Ар түрдүү маселелер.

УГУЛДУ: кеңешменин төрагасы, доцент Б.А. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 15 минутага чейин жана 2-маселе боюнча 5 минутага чейин убакыт, ал эми жарыш сөзгө чыккандарга, талкууларга 2 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе.**

УГУЛДУ: 2024-2025-окуу жылындагы окуу, тарбиялык иштердин жарым жылдык жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер боюнча МФТИТ институтунун директорунун окуу иштери боюнча орун басары, тех.и.к., доцент Т.К. Матисаковдун отчету угулду.

ТАЛКУУ:

*И.Г. Кенжаев (энергетика кафедрасынын профессору):* доклад аябай мазмундуу, так жасалган. Отчет канааттандыраалык деп табылсын.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ** кылат:

**1.** МФТИТ институтунун директорунун окуу иштери боюнча орун басары, доцент Т.К. Матисаковдун МФТИТ институтунун 2024-2025-окуу жылындагы окуу, тарбиялык иштердин жарым жылдык жыйынтыктары жана жаңы окуу жылына карата милдеттер боюнча отчету канааттандыраарлык деп табылсын;

2. Бүтүрүүчү кафедраларда баяндамада көрсөтүлгөндөр боюнча иш чара иштелип чыгылсын жана ишке ашыруу тиешелүү кафедра башчыларына милдеттендирилсин;
3. Студенттик тайпалар менен тиешелүү иш чаралар иштелип чыгылсын жана ишке ашыруу жагы кураторлорго милдеттендирилсин. Көзөмөлдөө жагы тиешелүү кафедра башчыларына жүктөлсүн;
4. Окуу пландарын түзүүдө алардын мазмуну бири биринен аз айырмачылыкта түзүлүшүн камсыздоо кафедра башчыларына милдеттендирилсин;
5. IT багыттарындагы студенттердин санын жогорулоосун эске алуу менен компьютерлер менен жабдуу күчөтүлсүн;
6. Жалпы көзөмөл директордун окуу иштери боюнча орун басары, доцент Т.К. Матисаковго жүктөлсүн.

**2-маселе.**

УГУЛДУ: 2025-2026-окуу жылы үчүн тандоо курстарынын темаларын жана программаларын бекитүү. Бул маселе боюнча ар бир кафедрада талкууланып, кафедралардан 2025-2026-окуу жылы үчүн тандоо курстарынын темалары жана программалары боюнча билдирүүлөр келип түшкөн. Бул маселени бүгүнкү Окумуштуулар кеңешинде карап, бекитүүнү сунуштаймын.

Бул маселе боюнча Окумуштуулар кеңеши бир добуштан колдошуп, бектилсин.

**Ар түрдүү маселелер.**

а) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доценти, техника илимдеринин кандидаты Көчкөнбаева Бүажар Осмоналиевнаны «Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу» адистиги боюнча доценттик наам алууга сунуштоо жөнүндө.

УГУЛДУ: Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доценти, техника илимдеринин кандидаты Көчкөнбаева Бүажар Осмоналиевнанын доценттик кызмат ордунда иштеп жаткан мезгили ичиндеги илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү боюнча отчету угулду.

*Б.А. Азимов (жыйындын торагасы, доцент):* Б.О. Көчкөнбаева доценттик кызмат ордунда иштеп жаткан мезгили ичиндеги илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү боюнча отчетун уктук. ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доценти, техника илимдеринин кандидаты Көчкөнбаева Бүажар Осмоналиевна эмгек жолун 2002-жылдын март айынан баштап Ош технологиялык университетинин электроэнергетика кафедрасында окуу мастери болуп баштаган, 2002–2003 – жылдар аралыгында ОшТУнун “Эсептөө техникасы” кафедрасында инженер-программист болуп эмгек жолун уланткан. 2003-2007 – жылдары аталган университеттин кибернетика жана маалымат технологиялары факультетинин эсептөө техникасы кафедрасында окутуучу, 2007-2010 – жылдары эсептөө техникаларын жана

автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо кафедрасында окутуучу, 2010-2019-жылдары улук окутуучу болуп эмгектенген. 2019-2020 – жылдары Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин "Программалоо" кафедрасына окутуучу кызмат ордуна которулган. 2020-2021 – жылдары Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин "Программалоо" кафедрасында улук окутуучу болуп эмгектенген. 2021 – жылдын март айынын баштап Ош мамлекеттик университетинин математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун информациялык системалар жана программалоо кафедрасында доценттик кызмат орунда иштеп келет.

2019-жылы 05.13.18 - математикалык моделдөө, сандык ыкмалар жана программалар комплекси адистиги боюнча "Кыргыз тили үчүн морфологиялык анализатордун моделдерин жана алгоритмдерин иштеп чыгуу" аттуу кандидаттык диссертациясын коргогон жана 2019-жылдын 28-ноябрында (протокол №9к-1/8) техника илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы ыйгарылган. Учурда доктордук диссертациясынын үстүнөн иштеп жатат. Окуу-усулдук жактан да көптөгөн ийгиликтерди жаратып, квалификациясын жогорулатып турат. Мен, Б.О. Көчкөнбаеванын информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу багыты боюнча доценттик наам алууга татыктуу деп эсептейм.

*ф.-м.и.к., доцент Э.А. Мамазиаева:* Мен Б. О. Көчкөнбаеваны өз ишине так, жоопкерчиликтүү мугалим катары билем. Ал "ОшМУнун мыкты лектору" конкурсунун жеңүүчүсү катары сабактарын жаңы технологияны пайдалануу менен жогорку илимий-усулдук деңгээлде өтөт. Ал илимий-изилдөө иштерин да жүргүзүп келүүдө, макалалары чет өлкөнүн, Россиянын, Кыргызстандын басылмаларынан жарык көргөн. Учурда доктордук диссертациясынын үстүнөн иштеп жатат. Мен да жогорудагы сунушту колдойм жана доцент Б. О. Көчкөнбаеванын илимий-педагогикалык ишмердиги аталган наамды алууга толук татыктуу деп эсептейм.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту талкуулап, бир добуштан колдоп, төмөндөгүдөй **токтом** кылат:

1. Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доценти, техника илимдеринин кандидаты Көчкөнбаева Бүажар Осмоналиевнаны «Информатика, эсептөө техникасы жана башкаруу» адистиги боюнча доценттик наам алууга сунушталсын.

2. Институттун сунушун колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

б) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти А.З. Пирматов, информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын башчысы, доцент А.М. Токторбаев жана И.Б. Кошмурзаевдер тарабынан даярдалган "Python тили: Теория жана практикалык тапшырмалар" аттуу алгачкы үйрөнүүчүлөр үчүн окуу колдонмосун басмага сунуштоо.

УГУЛДУ: Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент): колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти А.З. Пирматов, информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын башчысы, доцент А.М. Токторбаев жана И.Б. Кошмурзаевдер тарабынан даярдалган "Python тили: Теория жана практикалык тапшырмалар" аттуу алгачкы үйрөнүүчүлөр үчүн окуу колдонмосун басмага сунуштоо маселеси кафедра тарабынан келип түштү. Ички, сырткы сын пикирлер, КМИ жана ГД кафедрасынын протоколунан, институттун окуу-методикалык кеңешинин протоколунан көчүрмөлөр, окуу колдонмонун печаттык бөлүгү тиркелген. Ошондуктан, бул окуу колдонмонун автору, доцент А.З. Пирматовго сөз берели.

А.З. Пирматов (КМИ жана ГД кафедрасынын доценти): Python программалоо тили чөйрөсүндө программалоонун жөнөкөй жана негизги усулдары менен тааныштыруу, аларды Windows чөйрөсүндөгү реалдуу программалардын жардамында үйрөнүү маселелери каралган. Бул окуу колдонмо кыргыз тилинде даярдалган кыргыз группаларда окуп жаткан студенттер үчүн аябай пайдалуу жана маалыматтар жеткиликтүү камтылган. Сиздерден бул окуу колдонмону басмадан чыгарууну колдоп берүүнүздөрдү суранам.

У. Эркебаев (КИИК кафедрасынын башчысы, доцент): бул окуу колдонмо Python тилинин негизги элементтерин-өзгөрмөлөр, маалымат структуралары, шарттуу операторлор жана циклдерден баштап алгоритмдер, маалымат түзүмдөрү жана рекурсия сыяктуу алдыңкы темаларга чейин кенри камтылган. Кыргыз тилинде даярдалган окуу колдонмо жарыкка чыкса студенттерге пайдалуу окуу колдонмо болот деп ойлоймун.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ЧЕЧИМ** кылды:

Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти А.З. Пирматов, информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын башчысы, доцент А.М. Токторбаев жана И.Б. Кошмурзаевдер тарабынан даярдалган "Python тили: Теория жана практикалык тапшырмалар" аттуу алгачкы үйрөнүүчүлөр үчүн окуу колдонмосун басмага сунуштоосун ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

в) 510400 "Физика-конденсацияланган заттардын физикасы" адистиги жана 510200 "Колдонмо математика жана информатика" адистиктери боюнча PHD докторантурасынын стандарттарын, НБПнын максаттарын, компетенцияларын жана окутуу натыйжаларын талкуулоо.

УГУЛДУ: Б.А. Азимов (кеңешменин төрагасы, доцент): 510400 "Физика"-конденсацияланган заттардын физикасы адистиги жана 510200 "Колдонмо математика жана информатика" адистиктери боюнча PHD докторантурасынын стандарттарын, НБПнын максаттарын, компетенцияларын жана окутуу натыйжалары тиешелүү кафедранын кеңешмелеринде каралган. Андан сырткары жумушчу топ бир нече жолу бул маселе боюнча жыйындарды өткөрүшүп, талкуулашкан. Бүгүн биз бул маселени дагы бир жолу институттун Окумуштуулар кеңешинде талкуулап, бекитишибиз керек.

Кафедра башчылар М.Ч. Осконбаевдин жана Т.М. Жолдошовдун билдирүүлөрү угулду.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ЧЕЧИМ** кылды:

510400 "Физика-конденсацияланган заттардын физикасы" адистиги жана 510200 "Колдонмо математика жана информатика" адистиктери боюнча PHD докторантурасынын стандарттары, НБПнын максаттары, компетенциялары жана окутуу натыйжалары бекитилсин.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы — Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы — З.Ж. Мурзакматова